**Мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы; мамлекет жана укук жөнүндө окуунун тарыхы: 12.00.01- адистиктери боюнча "Кыргызстанда мамлекеттик бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режим" деген темадагы изденүүчү Ахматова Назира Искандарбековнанын кандидаттык диссертациясына**

# П И К И Р

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн изденүүчүсү Н. И. Ахматова Кыргызстанда мамлекеттик бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режимге комплекстүү изилдөө жүргүздү жана юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын аяктап олтурат.

Н. И. Ахматованын изилдөөсүнүн объектиси болуп, мамлекеттик бийлик органдары жана укук коргоо органдарынын өз ара мамилелери, алардын диалектикалык өз ара байланышына ой жүгүртүү жана мүнөздөмө берүү, аларды аныктоого багытталган мамлекеттин укуктук саясатын изилдөө эсептелет.

Изилдөө предмети саясий-укуктук режимди жана Кыргызстанда мамлекеттик бийликти орнотуу жана чыңдоонун социалдык шарттары, негизинен, сотторду, прокуратураларды, саясий-укуктук директердин өзгөчө органдарын жана аны убактылуу ишке ашыруу актыларын, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары менен укуктук жактан өз ара аракеттенишүү жана механизмдерди түзөт.

Н. И. Ахматова диссертациялык изилдөөнү даярдоо учурунда мамлекеттик бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режимдин көйгөйлөрү боюнча дүйнөлүк, Ата Мекендик философиялык-укуктук, теориялык-укуктук, тарыхый-укуктук ойлордогу жетишкендиктерди пайдаланган.

Диссертациялык иштин булактары, ар кандай тарыхый, архивдик, укуктук материалдарды, анын ичинен мурун жарыяланбагандардын кеңири чөйрөсүн берет. Аткаруу бийлигинин ишинин конкреттүү өзгөчөлүгүн чагылдырган документтер изилденген, негизинен, укук коргоо органдарыныкы, ага Совет бийлигинин тиешелүү декреттери, Советтердин съезддеринин материалдары, борбордук мамлекеттик жана партиялык органдардын резолюциялары жана токтомдору, алардан директивалары жана жериндеги циркулярдык каттары кирген, бул болсо, биринчи жылдары Совет бийлиги жүргүзгөн саясий-укуктук көп карама-каршылыктуу, бирок Кыргызстандагы мамлекеттик бийликти чыңдоонун бирдиктүү процессинин өзгөчөлүктөрүн чагылдырган ыкмаларды изилдөөгө мүмкүндүк берген.

Иштин илимий жаңычылдыгы, биринчи жолу анализдин негизинде, көп сандагы адабияттардын жана илимий булактардын конкреттүү тарыхый

кырдаалында, Кыргызстандагы укук коргоо органдарынын жана мамлекеттик аппарат системасынын пайда болушу, түзүлүшү жана өнүгүшүнүн айырмаланган өзгөчөлүктөрүн объективдүү чагылдырууга аракет кылынгандыгында турат. Бул иш ошол көйгөйдү изилдөө боюнча биринчи теориялык мүнөздөгү изилдөө болуп эсептелет, анда мамлекеттик аппараттын, анын ичинде укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүндөгү саясий-укуктук режимди бекемдөөнүн укуктук негизин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштар жана корутундулар аныкталды.

Жалпы жолунан изденүүчү, алдында турган – илимий изилдөө жүргүзүү, алынган жыйынтыктарды киргизүүнү камсыздоо, диссертациядагы негизги жоболорду жарыялоо маселелерди аткара алды.

Н. И. Ахматова мамлекеттик бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режимге тиешелүү илимий жана практикалык суроолорду иштеп чыгууга чыгармачылык мамиле кылды, ошону менен бирге, биздин көз караш боюнча, иштин заманбаптуулугун, практикалык маанилүүлүгүн жана жаңычылдыгын  камсыз кылды.

Н. И. Ахматованын диссертациялык изилдөөсү аякталды деп эсептелет жана юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертацияны коргоо боюнча диссертациялык кеңеште кароого сунушталат.

**Илимий жетекчи,**
**юридика илимдеринин доктору, а.и.к.** МААЛЫМАТ БЕРҮҮЧҮН ДЛЯ СПРАВОК **А.Д. Адамбекова**